50-тиркеме

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Кесиптик бирликтин төрайымы
__________ С.Тиленбаева
05- 09 __________ 2021-жыл

**БЕКИТЕМ**
Директор
__________ А.Асаналиева
__________ 2021-жыл

**К.Чылабаев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө**

**ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

1. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде козомолчулук кеңеш Кыргыз Республикасынын «Камкорчулар кеңеши жөнүндө» законунун жана башка укуктук нормативдик актылардын негизинде түзүлдү жана өзүнүн ишмердигин жүргүзөт.

**2. Кеңештин максаты жана милдеттери**

2. Кеңештин максаты кызмат көрсөтүүлөрдүү берүүнүн сапатын, билим берүү уюмунун ишинин айкындыгын жана бюджеттик эмес каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшүү болуп саналат.
3. Билим берүү уюмунун ишин натыйжалуу уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшүү.
4. Билим берүү уюмунун уставдык максаттарына жана милдеттерине жетүүсүнө көмөктөшүү.
5. Билим берүү уюмунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук, эл аралык уюмдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү.
6. Билим берүү уюмуна Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген каржылоонун кошумча булактарын тартуу.

**3. Кеңештин ыйгарым укуктары**

7. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебине өнүгүү стратегиясын иштешип чыгууга жана кабыл алууга, ошондой эле социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөшөт.
8. Билим берүү мекемеси үчүн тартылган бюджеттик эмес каражаттардын сметасынын аткарылышын карайт жана көзөмөлдөйт.
9. Билим берүү уюмун өнүктүрүүгө донорлорду жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка финансы булактарын издөөнү жана тартууну ишке ашырат.
10. Билим берүү уюмунун ишин жакшыртуу жаатындагы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө.
11. Билим берүү уюмунун ишинин маселери боюнча коомдук пикирди иликтөөгө жана жалпылоого, алынган маалыматтарды уюмдун ишин өркүндөтүү максатында пайдаланууга.

**4. Кеңеш төмөнкүлөргө милдеттүү.**

12. Кеңештин ишинин бир жылдык планын иштеп чыгууга жана бекитүүгө.
13. Өз ишин билим берүү уюму жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен тыгыз, өз ара аракеттенүүсүн жүзөгө ашырууга.

Scanned by TapScanner

14. Өз иши жөнүндө ар жылдык отчетторду даярдоого жана расмий веб сайтты аркылуу коомчулукка маалымдоого.
15. Билим берүү уюмун каржылоого Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген кошумча булактарды тартууга.

### 5. Кеңешти түзүүнүн тартиби

16. Төмөндөгүлөр кеңештин мүчөлөрү боло алышат:
    Социалдык чөйрөдөгү же коомдук иште иш тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын аракетчил, жөндөмдүү жарандары. Ишкер чөйрөлөрдүн, социалдык чөйрө мекемелеринин, ата-энелер бирикмесинин өкүлдөрүү.
17. Кеңеш 15 адамдан ашык эмес санда түзүлөт.

### 6. Жыйынтыктоочу жоболор.

18. Берилген жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.
19. Берилген жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү мектептин педагогикалык кенешинде берилген сунуштар боюнча директор тарабынан киргизилип, бекитилет.

Scanned by TapScanner